Дидактика

№6 (25) октябрь, 2023-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ОшМУ элдердин башын бириктирет











ОшМУнун чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү тарабынан “ОшМУ элдердин башын бириктирет” аталышында фестиваль уюштурулду. Майрамдык иш-чарага Өзбекстан жана Казакстан Республикаларынын Ош шаарындагы консулдуктарынын генералдык консулдары А.Абдурашидов, М. Карибай, Кыргызстан элдеринин ассамблеясынын Оштогу бөлүмүнүн төрагасы Б.Нурумбетов, КРнын Тышкы иштер министрлигинин Туштүк аймагы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн атташеси В. Сайпидинова, ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору К.Аттокуров, ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Н.Мапаева, ОшМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Гулсара Турдубаева, студенттер жана окутуучулар катышты.

Иш-чарада ОшМУда  окуп жана иштеп жаткан 10 чет өлкөнүн, тагыраак айтканда Испания, Индия, Өзбекстан, Япония, Россия, Пакистан, Түштүк Корея, Тажикстан, Кытай жана Кыргызстандын өкүлдөрү улуттук маданиятын, кийим-кечесин, тамак-ашын, каада-салттарын руханий-маданий баалуулуктарын көрсөтүшүп, өз эне тилинде улуттук ырларын ырдашып, элдик бийлерин аткарышты.

Фестивалдын алкагында мыкты экспонаттардын конкурсу уюштурулду. Конкурстун жыйынтыгы боюнча атайын тышкы жана ички эксперттерден түзүлгөн комиссия жеңүүчүлөрдү жана активдүү катышуучуларды аныктады. Жеңүүчүлөргө жана катышуучуларга Кыргызстан элдеринин ассоциациясынын Оштогу бөлүмүнүн төрагасынын ыраазычылык каттары жана ОшМУнун профсоюз комитетинин акчалай сыйлыктары тапшырылды.

Иш-чара дүйнө элдеринин маданий салттарынын ар түрдүүлүгүн көрсөтүү, университеттин студенттерин түрдүү элдердин чыгармачылыгына тартуу, ошондой эле улуттук маданияттарды жайылтуу максатында өткөрүлдү.

ОшМУнун чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызмат көрсөтүү бөлүмү уюштурду.

## В ОшГУ прошел III форум ректоров университетов Кыргызстана и России



4-5-беттер

## Кайсы тармакты ким жетектейт?

2-бетте

## "Дидактика" гезити 5 жашта



3-бетте

## Профессор М.Н. Назаровго 90 жыл



7-бетте

# Кайсы тармакты ким жетектейт?

Жаңы окуу жылынын башталышы менен Ош мамлекеттик университетинде кызматтык жана структуралык өзгөрүүлөр орун алды. Эмгек жамаат арасында «кайсы тармакка ким келди?» деген суроолор көбөйгөндүгүнө байланыштуу, ОшМУнун проректордук кызматында эмгектенип аткан жетекчилер менен окурмандарыбызды тааныштырып коюуну туура таптык.

## Окуу иштери боюнча проректор



**ОмуровНурланКубатович** Кыргыз мамлекеттик университетинин колдонмо информатика жана математика факультетин (1988-1993-жж.) жана КРнын Улуттук илимдер академиясынын математика институтун (1993-1996-жж.) аяктаган.

PhD доктарантураны Испаниядагы Сантьяго-де-Компостела университетин (2008-2012-жж.) аяктаган.

Нарын мамлекеттик университетинде, КРнын Президентине караштуу Башкаруу академиясында Дистанттык билим берүү институтунда, Кыргыз мамлекеттик курулуш, архитектура университетинде жетекчилик кызматтарды аркалаган.

2018-жылдын сентябрынан Кыргыз-Германия прикладдык математика институтунун ректору кызматын аркалаган.

КРнын Билим берүү жана илим министринин орун басары (2019-2021-ж.ж. ), 2022-ж. Кумтөр Голд Компанинин туруктуу өнүгүү жана ЖМК менен байланыштар бөлүмүнүн жетекчиси, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин эл аралык долбоорлор секторунун башчысы (2022-2023-ж.ж.), ЕС, АБР, DAAD билим берүү эл аралык программасынын координатору болуп иштеген.

«КРнын билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси жана КРнын Тышкы иштер министрлигинин медалы, Казакстан Республикасынын ЖОЖдор ассоциациясынын күмүш медалы менен сыйланган. 15тен ашуун илимий макалалары жарык көргөн.

## Инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор

**Токторов Кубаныч Кадырмаматович** Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетинен билим алган (1992-ж.)



1999-жылдын сентябрынан тартып ОшМУнун "Бизнес жана менеджмент" факультетинде "Бухгалтердик эсеп жана экономикалык" анализ кафедрасынын окутуучусу, улук окутуучусу, доценти катары, ал эми 2021-жылдан бери кафедра башчысы кызмат ордунда эмгектенип келди.

2005-2008-жылдары Ош технологиялык университетинин магистратура бөлүмүндө окуу-илимий иштерин улантып жыйынтыгында "Экономиканын магистри" даражасына ээ болгон.

Экономика илимдеринин кандидаты, доцент Кубаныч Кадырмаматовичтин бухгалтердик эсеп, анализ, аудит, айыл чарбасынын экономикасы боюнча монографиясы, 37 илимий макаласы, 14 окуу-методикалык көрсөтмөсү жарык көргөн.

ОшМУнун грамоталары, Экономика жана финансы министрлигинин Ардак грамотасы, Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, Госфиннадзор тарабынан "Бухгалтердик эсептин жана аудиттин мыктысы" (2022-ж.) төш белгиси менен сыйланган.

## Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор



**Арапбаев Русланбек Нурмаматович** ОшТУну артыкчылык диплом менен аяктаган (1997-2002-ж.ж.) Россия Илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүнүн А. П. Ершов атындагы информатиканын системалары институтунда аспирантуранын күндүзгү бөлүмүндө окуган (2003-2006-ж.ж. Новосибирск шаары).

ОшМУнун информатика кафедрасында окутуучу (2002-2003-ж.ж.), Россия илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүндө аспирант жана кенже илимий кызматкер (2003-2008-ж.ж.), Ош МУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин компьютердик борборунун директору, информатика кафедрасынын улук окутуучусу, Ош МУнун Жаш Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, Кыргыз-Өзбек университетинин "Кибернетика жана маалымат технологиялар" кафедрасынын башчысы кызматтарында эмгектенген.

ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинде декандын окуу иштери боюнча орун басары (2011-2013-ж.ж.), ОшМУнун эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы (2016-2017-ж.ж.), ОшМУнун окуу-информациялык департаментинин директору (2017-2022-ж.ж.), 2017-жылдан бери ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору кызматын аркалап келет.

## Коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректор

**Мапаева Нуржамал Абдиллажановна** ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. (1998-жыл)



1998-жылдан бери Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тил илими кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доценти болуп эмгектенип келди. 2003-жылдан бери билим берүүгө арналган бир нече проекттерде тренер, ОшМУнун журналистика бөлүмүнүн башчысы (2013-2017-ж.ж.) кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары (2017- 2023-ж.ж.) кызматтарын аркалап келди.

"ОшМУнун эң мыкты окутуучусу – 2006" сынагынын жеңүүчүсү. ОшМУнун Ардак грамотасы (2009), Ош облусунун мамлекеттик администрациясына караштуу Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондунун Ардак грамотасы (2011), Мыкты илимий көрсөткүчү үчүн диплом (2012), "ОшМУнун эң мыкты лектору - 2013" конкурсунун жеңүүчүсү (2013), КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын Ардак грамотасы (2014), КРнын Журналисттер союзунун Талант Моңолбаев атындагы эл аралык сыйлыгынын лауреаты (2015), "Кыргыз тили" коомунун төш белгиси (2018), КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы (2019) сыйлыктары менен сыйланган.

## Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору

**Мамажакып уулу Чынгызбек** ОшМУнун медицина факультетинин «Дарылоо иши» адистигин аяктаган (2000), «Травматология жана ортопедия» боюнча ординатураны аяктаган (КММА, 2002).

Кыргыз-өзбек университетин окутуучу, ага окутуучу, кафедра башчысынын орун басары, практика башчысы, ОшМУнун медицина факультетинде ага окутуучу, КОУнун медициналык колледжинин окутуучу болуп эмгектенген.



Ош КӨУнун Бириккен профсоюз комитетинин төрагасы (2008-2015-ж.ж.), Ош МУнун медицина факультетинде кафедра башчысы (2015-2023-ж.ж.) кызматтарын аркалады.

Медицина илимдеринин кандидаты, доцент. 25 илимий макаланын, 4 окуу-методикалык колдонмонун жана ойлоп табуучулук боюнча 1 патенттин автору.

КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамотасы (2009), КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы (2020), Ош ОПКнин жана Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары (2010), Мамлекеттик тил комиссиясынын Ардак грамотасы (2011), Билим, илим кызматкерлеринин БКнин «Профсоюз кыймылынын мыктысы» төш белгиси (2011), Ош облустук профсоюздар Кенешинин Ардак грамотасы (2012), Ош шаардык мэриясынын Ардак грамотасы (2014), «Жылдын мыкты профкому-2014» сыйлыктарынын ээси.

## Тышкы байланыштар боюнча проректор

**Аттокуров Курсантбек Шарабидинович** ОшМПИни аяктап (1989-ж.), ошол эле жылы окуу жайда лаборанттык кызматта эмгектенип баштаган.



ОшМУнун табият таануу факультетинде окутуучу, улук окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кафедра башчысы болуп эмгектенген.

Андан ары ОшМУнун медициналык колледжинин директору, Табият таануу жана география факультетинин доценти, Табигый ресурстар борборунун директору кызматтарын аркалаган.

Биология илимдеринин кандидаты, доцент Курсантбек Шарабидинович ЛАЙФ ПРООН жана ГЭФ-ЧГП ПРООН программаларынын гранттык колдоосу менен бир топ долбоорлорду аткарууга катышкан

Үзүрлүү эмгеги үчүн КРнын Жогорку Кеңешинин, КРнын президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин, Ош шаарынын мэриясынын жана ОшМУнун Ардак грамоталары менен сыйланган. "Ош жаңырыгы" жана "Ош шамы" гезиттеринин «Жылдын мыкты адамы» дипломдорунун, "КРнын Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисинин ээси.

## Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор

**Молдояров Уларбек Дуйшобекович** ОшМУнун Компьютердик технологиялар факультетин жана Математика жана маалыматтык технологиялар факультетин аяктаган.



Эмгек жолун ОшМУнун программалоо кафедрасында лаборант болуу менен баштаган. Андан ары окутуучу, Компьютердик технологиялар факультетинин деканынын тарбия иштери боюнча орун басары, ОшМУнун Медиа борборунун жана IT академиясынын директору, кафедра башчысы кызматтарында эмгектенген.

Үзүрлүү эмгеги үчүн ОшМУнун жана КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн Ардак грамоталары менен сыйланган.

Физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Уларбек Дуйшобековичтин кыркка жакын илимий макалалары жарык көргөн.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Польшанын технологиялар борбору ачылат

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган делегациянын Польшадагы Быдгощ экономикалык университетинде болгон иш сапары учурунда үч тараптуу келишимге кол коюлду. Келишимге ылайык жакынкы аралыкта ОшМУда инновациялык технологиялар борбору ачылат. Келишим Быдгощ шаардык мэриясынын инновациялык технологиялар борбору, Ош мамлекеттик университети, Быдгощ экономикалык университетинин ортосунда түзүлдү.

Быдгощ экономикалык университетинин ректору, президенти, канцлери менен жолугушуулардын соңунда эки өлкөнүн ортосундагы жогорку окуу жайларынын кызматташтыктары боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү. Анын негизинде экологиялык коопсуздук темасын камтыган долбоор ишке аша турган болду. Ал долбоорго Европалык Союздан 2 млн сомго жакын грант бөлүнгөн. Бул долбоор боюнча жакын аралыкта Польшадан тренерлер келип окутуучуларга, студенттерге экологиялык коопсуздук багытында окутууларды өткөрөт.

Иш сапардын алкагында ОшМУдан барган делегация Быдгощ экономикалык университетинин медицина адистигин



аяктап жаткан бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу аземине катышты. Анда ректор Быдгощ экономикалык университети Ош мамлекеттик университетинин ар тараптуу кызматташуудагы ишенимдүү, стратегиялык өнөктөшү болоорун, эки окуу жайдын ортосундагы тыгыз кызматташтык, билим берүү, илим жаатындагы биргелешкен долбоорлор, алдыдагы пландар шыктандыраарын белгиледи. Быдгощ университетинин медицина факультети менен онкологиялык оорулардын алдын алуу, диагностикалык профилактика жүргүзүү жаатында биргелешкен долбоорду ишке ашыруу пландалып жаткандыгын кошумчалады.

# Тарыхчы Жумали Адилбаев 75 жашта

Тарых жана социалдык иштер факультетинин профессору Жумали Адилбаевдин 75 жылдык маарекесине арналган “Дүйнөнүн жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөнүн, окутуунун методологиялык маселелери” аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияга президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жана Ош шаарынын мэриясынын өкүлдөрү, коомдук ишмерлер, илимпоздор, окутуучулар, аспиранттар, магистранттар, студенттер катышты.

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков окумуштуу Жумали Адилбаевди маарекеси менен куттуктап, тарых илиминин өнүгүшүнө жана жаш адистерди даярдоого кошкон салымын белгиледи.

Пленардык жыйында көрүнүктүү илимпоздор жана коомдук ишмерлер Ж.А.Адилбаевдин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган тематикалык докладдарды жасашты жана азыркы тарых илиминин көп тараптуу маселелерине токтолушту.

Илимий форумдун экинчи бөлүгү секциялык иштерде уланып, анда 100гө жакын катышуучулар азыркы тарых илиминин түрдүү аспектилери, дүйнөлүк тарых, Кыргызстандын



тарыхы боюнча изилдөөлөр жана окутуунун актуалдуу маселелери боюнча баяндамаларды жасашып, жыйынтыгында резолюция кабыл алышты.

Адилбаев Жумали Адилбаевич 1948-жылы 6-августта Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Сары-Камыш айылында туулган. 1970-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин артыкчылык диплому менен аяктаган.

ОшМУнун, облустук мамлекеттик администрациянын, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ардак грамоталары, «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги», «КР бюросунун эмгек сиңирген ишмери» төш белгилери менен сыйланган.

**“Дидактика” гезитинин редактору Тургунбай Алдакулов:**

# “Гезиттин материалдары китеп болуп чыгат”

Ош мамлекеттик университетинде окумуштуулар жана мугалимдер үчүн жарык көрчү “Дидактика” гезити быйыл 5 жашка толду. Гезиттин редактору, белгилүү журналист Тургунбай Алдакуловду редакциянын учурдагы абалы жана келечек максаттары тууралуу кепке тарттык.

***- Тургунбай агай, “Дидактика” гезитинде эки жылдан бери редактордук кызматты аркалап келе жатасыз? Бул гезитке чейин башка басылмаларда журналист, жетекчи болуп иштегенсиз. “Дидактика” гезитинин башка гезиттерден эң негизги айырмасы эмнеде?***

- “Дидактика” гезити башка басылмалар сыяктуу өз окурмандары бар мезгилдүү басма сөз каражаты болуп саналат. Башка коомдук-саясий гезиттерден айырмабыз – биздин окурман чөйрөбүздө десем жаңылышпаймын. Тагыраак айтканда, гезитибиз Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык жана маалыматтык гезити болуп саналат.

***- Гезиттин негизги максаты кандай?***

- Гезиттин негизги максаты - ОшМУнун окумуштуулар жамаатына билим берүү тармагындагы жаңы реформаларды, системалык өзгөрүүлөрдү жана илимий-педагогикалык жетишкендиктерди жайылтуу болуп саналат.

***- Гезиттен кандай материалдар жарык көрөт?***

- “Дидактика” гезитинде ОшМУнун окумуштууларынын илимий-педагогикалык, дидактикалык макалалары, көз караштары, ОшМУнун сайтында жарык көргөн жаңылыктардын орчундуулары, билим берүү, илим жаатындагы жаңы реформаларга арналган аналитикалык макалалар, маек, фото-репортаж, баяндама, жана башка жанрдагы материалдар жарык көрүп турат.

***- Гезиттин электрондук варианты дагы барбы? Мисалы, чет өлкөдө “Дидактика” гезитин окугусу келген киши кайдан таап окуй алат?***

- Чет өлкөдөгү окурмандар, башка окуу жайлардын, башка облустардын окурмандары биздин гезитти окуп турсун деп гезиттин электрондук вариантын ОшМУнун расмий сайтына (www.oshsu.kg) жайгаштыргканбыз. Андан сырткары фейсбук жана инстаграмм социалдык баракчаларында да биздин профилдерибиз бар.

***- Гезит кайсы мезгилден бери чыгып келе жатат?***

- “Дидактика” гезити 2018-жылдын 1-сентябрынан бери чыгып келе жатат. Ошол кездеги ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Замирбек Божоновдун демилгеси менен, ошол кездеги ректор, биздин устатыбыз Каныбек Исаковдун колдоосу астында түптөлгөн экен. Алгачкы редактор кызматын аркалаган Каныкей Жороева деген мыкты кесиптеш карындашымдын талыкпаган эмгеги астында гезиттин алгачкы пайдубалы түптөлгөн. Ортодо 2020-2021-жылдары пандемия шартына байланыштуу чыкпай калыптыр. 2022-жылдан бери үзгүлтүксүз чыгарып келе жатабыз. Учурда октябрь айын кошуп эсептегенде жалпы 25-саныбыз жарык көрдү. Көлөмү 8 полоса (бет), айына бир жолу чыгат.

***- Гезиттин ички мазмуну, көтөргөн жүгү тууралуу эмнелерди айта аласыз?***

- “Дидактика” гезити ОшМУнун багытын, перспективалык максаттарын эмгек жамаатка жеткирүүдө чоң кызмат кылып келе жатат. Айрыкча университетибиз “Өзгөчө макамга” ээ болгондон бери өкмөт тарабынан жаңы милдеттер коюлуп, ректорубуз Кудайберди Гапаралиевичтин демилгеси менен мыкты идеялар ишке аша баштады. Мындай жаңылануу процесси кимдир бирөөгө жакканы менен айрымдарга




жакпай калышы да мүмкүн экен. Андай учурда көтөрүлгөн реформанын максаты, финалдык жыйынтыгы тууралуу гезит бетине аналитикалык макалаларды берип турабыз.

***- Илимий, дидактикалык макалаларга да орун берилсе керек?***

- Албетте, андай макалаларга орун берилет. Ансыз гезиттин миссиясы ишке ашпай калат. Айрыкча, 6-7-беттерде ОшМУнун окумуштуулары тарабынан жазылган илимий-педагогикалык макалалар, 8-бетте дидактикалык макалалар жана сабак өтүү учурунда пайдаланылуучу таасирдүү окуялар, мугалимдерге кеңештер жарык көрөт.

***- Гезиттин таралуу аймагы, окурмандарга жеткиликтүүлүгү боюнча айта кетсеңиз?***

- Гезитибиз ОшМУнун окутуучуларына жана кызматкерлерине акысыз таратылат. Учурдан пайдаланып ОшМУнун кызматкерлерине кайрылып кетейин, ким эгерде гезит окууну кааласа факультеттин деканатына кайрылса болот. Ал жерде түгөнүп калган болсо, ар бир китепканага кайрылсын. Ал жерден да таба алышпаса, бизге сөзсүз кабар берсе жакшы болмок. Анткени биз ар бир окурманыбыздын талабын аткарууга даярбыз.

***- Агай, сөзүбүздүн аягында алдыдагы максаттар тууралуу айтып берсеңиз, алдыда кандай пландар бар?***

- Буюрса гезитибизде жарык көргөн дидактикалык макалаларды чогултуп, атайын китеп кылып чыгаруу максатыбыз бар. Айрыкча мектеп мугалимдери үчүн педагогикалык чеберчилигин арттырууга багытталган китептер жетишсиз экен. Биз бул багытта мугалимдердин көйгөйүн чечүүгө жардам берели деген ниеттебиз.

***- Абдан жакшы максаттар бар экен. Ийгиликтер коштосун.***

**Маектешкен: Муслима Довурова**

# В ОшГУ прошел III форум ректоров университетов Кыргызстана и России

13 октября 2023 года на базе Ошского государственного университета состоялся III Форум ректоров университетов Кыргызстана и России, организаторами которого выступили Министерство науки и образования Кыргызской Республики, Ассоциация вузов Кыргызской Республики, Ошский государственный университет, Российский союз ректоров, Министерство науки и высшего образования Российской Федерации, МГУ им. Ломоносова. Целью проведения Форума стало обсуждение ключевых направлений кыргызско-российского сотрудничества в образовательной и научной сферах, вопросов совместной подготовки кадров и интеграции систем образования Кыргызстана и России в рамках развития евразийской интеграции и создания единого образовательного процесса ЕАЭС.




В ходе мероприятия, Стороны в очередной раз взаимно согласились, что Форум ректоров университетов Кыргызстана и России подтвердил свой статус в качестве ключевой площадки взаимодействия в сфере высшего образования и науки между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией.

В работе Форума приняли участие представители профильных министерств и свыше 100 ректоров вузов Кыргызстана и России.

Третий форум ректоров вузов Кыргызстана и России, проходивший на базе ошского государственного университета, завершил свою работу. На форуме эксперт отдела экспертизы решений Президента и Кабинета Министров управления по подготовке решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента КР Омурбеков Медербек Омурбекович озвучил послание Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики – Руководителя Администрации Президента Кыргызской Республики Жапарова Акылбека Усенбековича.

С приветственными речами выступили министр образования и науки Кыргызской Республики Кендербаева Догдуркуль Шаршеевна, министр науки и высшего образования Российской Федерации Фальков Валерий Николаевич и начальник Управления Президента Российской Федерации по межрегиональным и культурным связям с зарубежными странами Маслов Игорь Венидиктович.



На заседаниях также выступили ректор Бишкекского государственного университета им. К.Карасаева, председатель Ассоциации вузов Кыргызской Республики Мусаев Абдылда Инаятович.

Программа форума ректоров вузов Кыргызстана и России. включала два блока - работу в трёх панельных сессиях и пленарное заседание. На сессиях обсуждались вопросы подготовки современных кадров для экономик двух стран, развития инновационной деятельности вузов и повышения их конкурентоспособности, новые методы обучения в образовании, а также стратегическое партнерство вузов Кыргызстана и России.

По итогам Форума подписано более 50 документов о сотрудничестве между вузами двух стран, направленных на поддержку межвузовских проектов в области академической мобильности студентов и преподавателей, разработки и реализации совместных образовательных программ высшего образования, дополнительному профессиональному образованию по программам повышения квалификации и программ профессиональной переподготовки кадров, проведения форумов молодежи, летних и зимних школ и других мероприятий.

По завершению Форума, участники в целях дальнейшей практической реализации достигнутых договоренностей в ходе Форума, приняли Резолюцию III Форума ректоров университетов Кыргызстана и России.

В резолюции форума отмечена заинтересованность обеих стран в расширении межвузовских проектов в области академической мобильности студентов и преподавателей, разработки и реализации совместных образовательных программ высшего образования, дополнительного профессионального образования по программам повышения квалификации и программам профессиональной переподготовки кадров, проведения молодежных форумов , летних и зимних школ и других образовательных и культурных мероприятий.

Участники отметили своевременность и актуальность Ошской встречи и высокий уровень организации форума. В заключение российским гостям был организован ознакомительный тур по достопримечательностям города Ош и кампусу ОшГУ.

Следует отметить, что лидером в деятельности по сотрудничеству с университетами России считается ОшГУ. Сегодня ОшГУ имеет двусторонние договора с 77 университетами России. Среди них ведущие университеты Москвы, Санкт-Петербурга, Центральной России, Карелии, Урала, Сибири, Татарстана, Башкортостана и Чувашии. В ОшГУ успешно действуют центр Ломоносова МГУ им. Ломоносова и отделение российской и европейской интеграции, открытый совместно с Южно-Уральским государственным университетом. Ежегодно порядка 100 студентов и преподавателей участвуют в программах академической мобильности, конференциях, зимних и летних лагерях, проводимых в российских университетах. ОшГУ всесте с универсиеттами России реализует 21 совместную образовательную программу по двойным дипломам.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити





# Резолюция III Форума ректоров вузов Кыргызской Республики и Российской Федерации



Участники III Форума ректоров вузов Кыргызстана и России, состоявшегося 13 октября 2023 г. в г. Ош, подтверждая свою приверженность основополагающим двусторонним документам о сотрудничестве в сфере образования и науки,

соглашаясь, что Форум ректоров университетов Российской Федерации и Кыргызской Республики подтвердил свой статус в качестве ключевой площадки взаимодействия в сфере высшего образования и науки между Кыргызстаном и Россией,

стремясь развивать сотрудничество в целях повышения качества образования и его доступности в интересах роста человеческого капитала двух стран, сохранения культурно-исторической общности,

продолжая работу по развитию договорно-правовой основы сотрудничества между Российской Федерацией и Республикой Кыргызстан, а также в рамках ЕАЭС в области высшего образования с целью реализации новых проектов,

отмечая высокий уровень взаимной заинтересованности и стремления укреплять сотрудничество в сфере образования, науки, технологий и культуры, развивать совместные программы, осуществлять подготовку высококвалифицированных специалистов, отвечающих требованиям и вызовам времени,

принимая во внимание значимость поддержки русского языка в Кыргызской Республике, как важного фактора в формировании и укреплении межнационального диалога и необходимость расширения образовательного сотрудничества в целях повышения качества обучения русскому языку, считаем необходимым:

- наращивать подготовку и реализацию совместных проектов и программ по повышению качества образования и его доступности в интересах развития человеческого капитала;
- содействовать выработке согласованных подходов к развитию межвузовского диалога и взаимодействия по широкому спектру актуальных образовательных и научных задач, способствующих дальнейшей гармонизации и интеграции образовательного пространства Кыргызстана и России;
- расширять взаимодействие университетов России и Кыргызстана посредством академической мобильности, обмена преподавателями, исследователями, обучающимися;
- уделять внимание разработке и реализации совместных образовательных программ России и Кыргызстана, в том числе в рамках повышения квалификации и переподготовки профессорско-преподавательского состава;
- рассмотреть возможность выделения из общего количества бюджетных мест, ежегодно предоставляемых Российской Федерацией для граждан Кыргызстана, определенного количества на обменные программы, академическую мобильность и совместные образовательные программы;
- гармонизировать нормативно-правовые базы России и Кыргызстана в области регулирования образовательного процесса с целью реализации совместных программ двойного диплома;
- расширять поддержку взаимодействия университетов с бизнесом и промышленными предприятиями, в том числе в области повышения квалификации и переподготовки кадров;
- выдвигать инициативы по созданию инновационных площадок для укрепления сотрудничества и обмена опытом в вопросах интеграции науки и производства, доступа к современным высокотехнологичным лабораториям и технопаркам;
- интенсифицировать реализацию совместных научных проектов по приоритетным для Кыргызстана и России направлениям, в том числе в вопросе создания совместных центров и лабораторий, увеличения числа совместных публикаций;
- развивать кооперацию в сфере дошкольного, школьного и среднего профессионального образования, организовывать обмен опытом педагогов между школами, методическими объединениями;
- организовать в рамках межвузовского взаимодействия России и Кыргызстана совместную работу по культурно-ценностному наполнению образовательных программ в целях противодействия религиозному и национальному экстремизму в молодежной среде;
- обеспечить проведение культурно-просветительских и спортивных мероприятий, летних лагерей, фестивалей с целью сближения и укрепления взаимопонимания между молодежью Кыргызстана и России;
- разработать дорожную карту проведения творческих, интеллектуальных конкурсов, фестивалей, спортивных состязаний, проводимых российскими и кыргызскими университетами под эгидой Ассоциации вузов России и Кыргызстана;
- зафиксировать важность непрерывного диалога по ключевым вопросам научно-образовательного сотрудничества в период между проведением форумов, организации и проведения совместных мероприятий и необходимость соответствующего информационного освещения российско-кыргызского сотрудничества в области образования и науки, в том числе поддержку деятельности сайта Ассоциации университетов Российской Федерации и Кыргызской Республики.

**Кыргызская Республика, г. Ош**
**13 октября 2023 года**







## Встречи с российскими партнерами

13 октября 2023 года в период работы третьего форума ректоров вузов Кыргызстана и России, проходившего на базе Ошского государственного университета, состоялись встречи с участием руководителей профильных министерств КР и РФ.

В Высшей школе международных образовательных программ ОшГУ состоялась встреча министра образования и науки КР Кендирбаевой Догдуркуль Шаршеевны, заместителя министра Абазбек уулу Расула с заместителем министра просвещения РФ Грибовым Денисом Евгеньевичем и начальником управления внешних связей ФГБОУ ЦМС Министерства просвещения России Аверковой Еленой.

Стороны обсудили широкий круг вопросов двустороннего сотрудничества в области образования. Также обсудили вопросы реализации Соглашения между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Российской Федерации об условиях строительства, создания и функционирования в Кыргызской Республике совместных общеобразовательных организаций, осуществляющих обучение на русском языке. Участники встречи ознакомились с центром Ломоносова МГУ имени Ломономова при ОшГУ и работой университетского Молодежного бизнес парка.

В Круглом зале факультета русской филологии ОшГУ прошла встреча заместителя министра просвещения РФ Грибова Дениса Евгеньевича и начальника управления внешними связями ФГБОУ ЦМС Министерства просвещения России Аверковой Елены с российскими учителями, работающими в школах г. Ош, в рамках гуманитарного проекта «Российский учитель за рубежом».

Министр науки и высшего образования РФ Фальков Валерий Николаевич посетил «Русский центр фонда «Русский мир» в Оше. Российский гость встретился с сотрудниками и ознакомился с работой центра.

# Үнду көнүктүрүү көп эмгекти талап кылат

Адам баласы калем кармаганда дароо эле жазып кете албагандай ырдоодо да ырчы үн аппаратын туура колдонуп, ырдоо үчүн бардык көнүгүүлөрдү аткарса гана жакшы жыйынтык болот.

## Үн аппаратынын түзүлүш төмөндөгүдөй:

1. Дем (Дыхание)
2. Үн байламталар (голосовые связки)
3. Каңшар (Резонатор)
4. Ооз көңдөйү (ротовой полости)

Ошондо демдин ооз көңдөйү аркылуу сыртка эркин чыгуусу менен үндө кооз толкун пайда болот. Эң оболу ырчыга "белкурчоо деми" деген эмне экенин түшүндүрүп, андан соң белкурчоодо демди кантип кармап туруш керектигин жана кантип белкурчоо демин туура колдонуш керектигин кеп кылалы.

Белкурчоо булчуңдарын туура дем алып, кайра дем чыгаруу үчүн атайын ырдоо практикасында колдонулуп келе жаткан ырдоо көнүгүүлөрүн пайдаланыш керек. Ырдоо алдында ырчы демди белкурчоодо кармап, белдин булчуңдарын туура иштетип, демди белкурчоодо кармап ырдоо зарыл.

До-ре-ми-ре-до, Да-да-да-да-да, терция интервалда ырдаш керек (распевка) демди белкурчоодо көпкө кармап ырдап көнүш үчүн До-ре-ми-фа-соль-фа-ми-ре-до квинта ж.б. (интервал) аралыкта ырдап көнүш керек. Обондун мүнөзүнө жараша демди туура колдонуп ырдоо зарыл.


Ырдоо үчүн үндүн (апорасы) тиреги бул дем үнду катуу же акырын ырдоо үчүн белкурчоодо турган демди акырындык менен ооз көңдөйгө үн байламта аркылуу жөнөтүп турса үндө толкун пайда болуп, кооз, уккулуктуу чыгат.

Демди белкучоодо кармап ырдоо үчүн демди мурун аркылуу алып, ооз аркылуу чыгарып ырдоо үчүн атайын ырдоо көнүгүүлөрдү ар сабак сайын кайталап ырдап туруу менен студенттин үнү күндөн-күнгө ырдоо жөндөмү өсө баштайт. Мисалы, биринчи кезекте үн аппаратын ырдоого даярдап алашыбыз абзел. Ал үчүн Мм (мычание) оозду жаап туруп үн чыгарышыбыз керек. Андан кийин да, дэ, ди, до, ду деп оозду ачып терция, квинта интервалдар менен ырдап көнүгүү жасайбыз.

## Үн байламталары

Адамдын үн аппараты - өзүнө дем алуунун механизмдерин жана үнду жаратуучу организмдерди камтыйт. Үн аппаратынын дем алуу механизми - өпкө, анын дем алуу «жолдору», булчуңдары ошол дем алууну ишке ашыруу кызматын аркалайт. Өпкө - назик, жумшак, борпоң нерседен турат, ал альвеол деп аталат. Анын ичи көптөгөн каналчалар, түтүкчөлөр, алар бронхдордун системасын түзөт. Сол жана оң өпкөлөр бири-бири менен трахея менен бириккен, ал келип чоң түтүкчө аркылуу тамакка келет. Бронха менен трахея «бронхиальдык дарак» деген түшүнүктөгү түзүлүштү берет. Өпкөлөр-бронха менен трахеялар аркылуу 5-6-литр аба батыра алат. Кадимки тынч абалдагы ичкери дем алуу 0,5 литр абаны киргизе алат. Терең дем алууда (кошумча абалар деген түшүнүк) 1,5-1,8 литрлик аба кирет жана ушунча эле чыгарат. Абанын ченеми терең дем алуу жана ошонун баарын чыгаруу 3,5-4,5 литрге чейин болот. Ичкери дем алууда көкүрөк клеткасынын булчуңдары менен диафрагманын булчуңдарын иштеп, көкүрөк жакты кеңейтет. Ал кеңейүү вертикалдык алдыга-артка, горизонталдык, жанаша жактарга карата жүрөт. Ал аба өпкөлөргө атмосфералык басым менен киргенине байланыштуу болот.

## Ырдоо практикасында демдин 4 түрү айтылат алар төмөндөгүлөр.




Ырдоодо колдонулуучу демдин түрлөрү:

А) Белкурчоо (Диафрагматический) Демди бел курчоого алып ырдоодо, көкүрөк бош турат дагы карын булчуңдары демди алдыга түртүп турат.

Б) Көкүрөк белкурчоо (Грудно диафраматический) Мында дем кабырга менен белкурчоого алынып ырдалат.


В) Көкүрөк менен бел курчоо. Дем алууга белкурчоодон башка, көкүрөк булчуңдарынын төмөнкү бөлүгү иштейт, бирок белкучоо тартылып турат.

Г) Таза Көкүрөк деми. Көкүрөккө дем алууда белкурчоонун таасири жок жана карын тартылып турат.

Белкурчоого дем алып ырдоодо ырчы демди белкурчоого жыйнап көкүрөк тарапты бошкойуп ырдайт.

Изилдөөлөргө караганда, ырдап жаткан учурда тамак ар кимдики өз алдынча бөлөк-бөлөк болот. Төмөнкү үндөрдө тамактын жайгашышы төмөн болот ал эми жогорку учурда, жогору жайгашууда болот. Тамактын ички катмары шилекейлүү болот, тамактын ортосунда үн жыртыгы жайгашкан. Ал эми параллелдик булчуңдар менен бир учу менен «калкан» сыяктуу кемирчекке, экинчи учу менен «чөмүч» сыяктуу кемирчекке уланган. Сырткы (өйдөңкү) булчуң түгөйлөр «жалган» үн байламчалары деп аталат. Ал эми ички төмөнкү-накта үн байламчалары, үнду пайда кылуучу, аба чыкканда термелүүчүлөр, үн байламчыларынын кичинекей булчуңдары жумшак кабыкча менен тосулган. Тарам-тарам болгон үн байламчаларынын кичинекей талча булчуңдары ар кайсы тарапка таркалып жайгашкан. Алар термелишет да, бардык массасы менен, же четтери менен, жарымы менен, ар кандай өлчөмдүү менен ж.б. кандайдыр бир булчуңдар термелсе, кандайдыр бир бөлүгү жөн ахвалда болот. Үн байламталарынын тартылышы же бошошу, үн жыртыгынын ачылышы же жабылышы чөмүч жана калкан чемирчектердин булчуңдарына байланыш болот.

Коюлган түтүк-үн аппаратынын бир бөлүгү-буга тамак, ооз, мурун кирет. Ырдаганда булар үн термелүүсүнө күчөткүч болуп эсептелинет, алар үн байламчаларынын үстүндө пайда болот. Тамак, тамактын үстүндө, ооздон келетурган, мурундан келген түтүкчө.




Ооздун ичи жогорку катуу жана жумшак тамактын үстүн билебиз. Биринчиси, арты тарапта жумшак, алдында-тил, капталдарында жаактар, беттер. Мурундун ичи мурун тосмосу менен ажыратылган. Бул жерде сөөктөр, кемирчек дубалчалар бар. Артында мурундун түтүкчөсү тамак менен айланышкан. Мурун ичи ийинчелер (толость) менен жайгашкан: гайморов ийинчеси, маңдайлуу, тосмолуу-негизги ийинчелер, бет жакта жайгашкан, мурундун ийинчеси менен ички «каналчалар» менен байланышкан.

Үндүн катуулугу үн байламталарынын бекемдиги жана алардын термелүү амплитудасына (термелүү ченеми) байланыштуу. Дагы да бөлөк факторлор үнду кабыл алуу жана анын күчүн аныктоодо жолугат.

Музыкалык үн - бул өтө татаал үн. Татаал ырдоочу үн, үн байламчаларынын термелүүсүндө же кандайдыр бир бөлүктөрү менен термелгенде, ар түрдүү амплитудада пайда болот. Негизги тон - өтө төмөн, үн байламчаларынын бүтүндөй термелишинен пайда болсо үндүн бийиктигин аныктайт. Обертондук курамды жана анын спектрин (чагылышын) биз тембр («боңк») катары кабыл алабыз. Мына ошинтип үн байламчаларынын термелүүсү тондун күчүнө көз каранды болот. Ал эми термелүү формасы үндүн алгачкы тембринен көз каранды. Бул алгачкы тембр резонатордук (жаңыруучу) «тилкечелерде» кайра иштеп чыгууга кабылат да кээ бир термелүү толкундарын күчөтөт. Бирок, биринчи «байланыш» тембр, негизги тембрди түзүүдө чоң роль ойнойт. Үнду «атака» кылуунун сапатын өзгөртөт.

Дем алуунун жана үн байламчаларынын иштөө формасы үндүн тембрине таасир бере алат. Эгер үндүн спектри (таралышы) бийик толкундагы обертондору бар болсо, ал үн жакшы кабыл алынат. Үндүн күчтүүлүгүн кабыл алууда ырдоочуга «вибрато» (үндүн-пульсу) таасир берет. Вибратосу жок үн «тирүү эмес», супсак үн катары кабыл алынат.

Акустиканын закону боюнча, бир секундада 6 термелүү болуш керек. Андан азыраак болсо үндүн «чайкалышындай», ал эми көбүрөөк термелүү болсо үндүн «титирешиндей», же «койдун маараганындай» болуп калат. Мындай учурду «барашек» деп атап коёт.

Ырдоо үндүүлөр аркылуу жүргүзүлөт. Акустикалык мазмуну үндүүлөрдү -обертондордун спектри абдан ачык-айкын болот, негизги тонго бийиктик жайгашканына карабай, көз каранды болбойт.

Биз кулагыбыз менен обертондук спектрлерди угууда ар үндүүлөрдүн тембрин ажырата угууга мүмкүнчүлүк алабыз. Үндүүлөргө мүнөздүү болгон тембрлер, ачык-айкын обертондору - термелүү сандарына жараша болгондорду үндүүлөрдүн форманттары деп атайбыз. Форманталар (үндүүлөрдүн) тамак менен оозун ичинде болот. Бул жаңыртуучу «тилкечелер» үндүүлөрдү ырдоодо «өзүнө ылайыктуу» формада болуп, обертондорду (өзүнө ылайыктуу толкун) күчөтөт.

Москва консерваториясынын акустикалык лобараториясында үндүүлөрдүн спектрлери жазылып алынган «И» тамгасынын спектиринде, обертондор күчөтүлгөн. Алар бийик форманталар менен төп келишет. Бул форманталар тил менен катуу таңдайдын тар тилкесинде пайда болот. Ошондуктан «и» үндүүсү абдан ачык-айкын угулат жана ырчылар «и» үндүүсүндө, вибарация жеңил пайда болот деп тыянак чыгарышкан. Бирок үндүү тыбыш алмашканда артикуляциялык тилдин түзүлүшүнө жараша мындай «сезимдер» жок болуп кетиши мүмкүн.

Бийик форманттанын пайда болуу булактары – кекиртектен келип үн жана анын колкодон жаңырышы болуп эсептелет. Үндүн «учактыгына» жетишүүдө, тамактан, колкону биринчи тембрин чыгаруу өздөштүрүлүш керек. Жаңыртуучу тилкелердин ар кандай формаларда болгондугуна байланыштуу, ар бир бөлүк үндүүлөргө бирдей эмес жаңыртуунун (рупордун) каршылашы мүмкүн. Бирдей күчтү, бирдей бийиктикте «а» үндүүсүнө (абдан жакшы рупордун формасы) «каршы болгондор» жука термелүүчү тилкелер (үн байламчаларында) болот. Ал эми «у» үндүүсүнө калың тилкелер «каршы турушат».

**Рахматулла Ормонов,**
**ОшМУнун искусство факультетинин "Элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо" кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, улук окутуучу**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

## Профессор М.Н. Назаровго 90 жыл

# ТӨМдү канткенде математикага интеграциялайбыз?

ОшМУнун Математиканы, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүү менеджменти кафедрасы профессор М.Н. Назаровдун 90 жылдыгына карата XI Назаровдук педагогикалык окуулар: "Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) математикалык билим берүүгө интеграциялоо" аттуу эл аралык илимий-методикалык конференция уюштурду. Конференцияны уюштурууга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Ош мамлекеттик университети, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети, И.Жансүгуров атындагы Жетису университети (Казакстан Республикасы), И. Я. Яковлев атындагы Чуваш мамлекеттик педагогикалык университеттери (Чуваш Республикасы) көмөктөштү.

Аталган конференциянын алкагында комплекстүү иш-чаралар уюштурулуп, 14-октябрь күнү конокторго жаңыдан жабдылган профессор М.Назаров атындагы "Агартуу академиясы" методикалык кабинетине жана ОшМУнун музейине экскурсия уюштурулду.

Конференцияга өлкөбүздүн жогорку окуу жайларынын окумуштуулары, изденүүчүлөр катышты. Атап айтсак, Бишкек, Жалал-Абад, Таш-Көмүр жана Оштогу ЖОЖдордун окумуштуулары катышышты. Алыскы чет мамлекеттер Чуваш Республикасынан, Португалиядан, Россиядан, Казакстандан, Таджикистандан, Өзбекистандан окумуштуулар офлайн жана он лайн катышып, мазмундуу баяндамаларды жасашты.

Чуваш мамлекеттик педагогикалык университетинен (ЧМПУ) келген коноктор конференциянын жүрүшүндө ЧМПУнун ректорунун куттуктоосун тапшырышты. Анда ЧМПУнун коллективинин жана ректорунун атынан конференциянын жүрүшүнө ийгиликтерди жана ОшМУнун жамаатына жаңы жетишкендиктерди жана өнүгүүнү каалашын билдирген.

ОшМУнун математиканы окутуунун методикасы кафедрасынын усулдук семинарлары катары башталган Назаров педагогикалык окуулары бара-бара аймактык конференциялардын деңгээлине чейин кеңейип, Жалал-Абад мамлекеттик университетинде, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда, Ош технологиялык университетинде, Кыргыз-Өзбек университетинде, ОшМУда өткөрүлүп келе жатат.

Конференциянын программасы математикалык билим берүүнүн жана маалыматтык технологиялардын ар кандай




актуалдуу багыттары боюнча пленардык жана алты секциялык отурумдарды камтыды.

Кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүнүн катышуусун камсыз кылуу үчүн конференциянын онлайн форматы камсыз кылынды. Жалпысынан 130дан ашык баяндамалар угулду. Баяндамалардын темалары математиканы, информатиканы окутуунун методикасы, билим берүүнү маалыматташтыруу, жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы, билим берүү психологиясы жана санариптик билим берүү чөйрөлөрүнүн психологиясы, билим берүүдөгү менеджмент, туруктуу өнүгүү максаттарын математикалык билим берүүгө интеграциялоо, билим берүү менен байланышкан башка тармактар ж.б. багыттардын ар түрдүү жана актуалдуу маселелерин камтыды.

Конференциянын катышуучулары профессор Мадамин Назаровдун математиканы жана информатиканы окутуунун методикасынын өнүгүшүндөгү маанилүү ролун, жаш илимий кадрларды тарбиялоого жана даярдоого кошкон зор салымын жана методист-математиктердин мектебин түзгөндүгүн баса белгилешти; математика илиминин жана билим берүүнүн азыркы багыттарын жана көйгөйлөрүн, азыркы учурда дүйнөдө жана Кыргызстанда математика жана математикалык билим берүүнүн ролу жогорулап жаткандыгын белгилешти.

Эл аралык деңгээлдеги бул иш-чара жаңы чыгармачылык байланыштарды түзүүгө, ар кайсы өлкөлөрдүн окумуштууларынын, илимий жана билим берүү уюмдарынын илимий потенциалын бириктирүүгө өбөлгө түздү.

Назаров Мадамин Назарович - кыргыз интеллигенциясынын алгачкы өкүлү, илим жолуна биринчилерден болуп чыйыр салган инсан, СССРдин Элге билим берүүсүнүн, СССРдин жогорку окуу жайларынын, Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн мыктысы, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, улуттук педагогиканын, өзгөчө математиканы окутуунун усулдарын изилдөөнүн көч башында турган сыймыктуу окумуштуу-педагог.

Ал 1950-жылы Ош педагогикалык институтуна (азыркы ОшМУ) тапшырып, 1955-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Эмгек жолун 1953-жылдан баштап, математика мугалими, мектеп директору, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, башталгыч математика жана аны окутуунун методикасы кафедрасынын башчысы болуп иштеген.

1966-жылы М.Н. Назаров Фрунзедеги (азыркы Бишкек) Кыргыз илимий-изилдөө педагогикалык институтунун аспирантурасына тапшырып, 1971-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алган.

1990-жылы СССР Жогорку аттестациялык комиссиясынын чечими менен М.Назаровго профессор илимий наамы ыйгарылган.

*20-октябрь, Ош шаары*

## Профессор М.Н. Назаровдун 90 жылдыгына арналган XI Назаровдук педагогикалык окуулар: "Туруктуу өнүгүү максаттарын математикалык билим берүүгө интеграциялоо" аттуу эл аралык илимий-методикалык конференциянын

# РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

Өткөрүлгөн пленардык, секциялык отурумдардын жана дискуссиялардын жыйынтыгы боюнча Конференция төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- жаш окумуштуулардын көңүлүн математиктердин, экономиканын, медицинанын, экологиянын, энергетиканын жана технологиянын артыкчылыктуу жана прикладдык проблемаларын чечүүгө басым жасоо;
- учурдун талаптарына жооп берген жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого көңүл буруу;
- ар кайсы өлкөлөрдүн илимий уюмдарынын, мектептеринин жана ЖОЖдорунун илимий-изилдөө иштерин интеграциялоону күчөтүү;
- билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүүчү маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды кеңири колдонуу, маалымат булактарына жетүү, билим берүү процессинин жыйынтыктарына натыйжалуу мониторинг жана контроль жүргүзүү;
- математика сабактарын окутуу процессинде окуучулардын, студенттердин жана магистранттардын сынчыл жана системалуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү;
- Профессор Назаровдун 100 жылдыгына арналган илимий конференциясын өткөрүү.

Конференциянын катышуучулары жаңы чыгармачылык байланыштарды түзүүгө, ар кайсы өлкөлөрдүн окумуштууларынын, илимий жана билим берүү уюмдарынын илимий потенциалын бириктирүүгө өбөлгө түзгөн бул иш-чараны уюштуруунун жана өткөрүүнүн жогорку деңгээлин белгилешет.

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Корректор:** М.Турсунбекова
**Фото кабарчы:** Р.Максутов
**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1584

# Ийгиликке карай биринчи кадам

*"Кимде ким өзүнүн терс адаттарын жеңе билсе, ошол адам – даанышман"*
***Бенжамин Франклин***

Ар бир инсан бул дүйнөдө "бактылуу болоюн" деген асыл тилек менен жашайт эмеспи. Турмуш бул бүтпөгөн күрөш экени бардыгына маалым. Ак менен каранын, жакшы менен жамандын, акыйкат менен жалгандын ж.б. турмуштун кереметин, ысык-суугун көрүп, жеңип да, жеңилип да кимдер гана өтпөгөн бул дүйнөдөн.

Канчалык табият сыйкырдуу, кооз жана ошону менен бирге жеңилгис катаал болсо, турмуш да баа жеткис кооз, өтө кызыктуу жана татаал. Бул турмушту жеңип жашаш үчүн, ийгиликке жетиш үчүн турмуштун кыйынчылыгына даяр болуш керек. Өмүрбүздө чектелген чөйрөдө жашап, улуулардан алган таасир-тарбиябызга жараша, калыптанган тар сезим менен кыялданып, ишибиз жүрүшпөй баратканда тагдырыбызга наразы болуп, көп учурда биз бирөөнү айыптап, кейигенге шашабыз, баштаган иштин аягына чыгарбайбыз.

Коомчулукта ийгиликтүү адамдарды көрүп, көбүнчө ийгиликтин себебин адамдын ден соолугунан, байлыгынан, тажрыйбасынан, колдогон чөйрөсүнөн издеп келебиз.

Бул дүйнөдө бир адамдын тагдыры кандай гана болбосун-бактылуубу же бактысызбы, барып-барып миң адамга таасирин тийгизери талашсыз. Келечек муундарыбыздын тагдыры тайкы болбос үчүн кетирген кемчиликтерибизди эске алып, каталарды кайталабай, жашынан атайын ийгиликтин психологиясын, программасын иштеп чыгып, кадамдап аракеттенип, бакытка жол таап, тагдырды түздөө аракетин кылсак жаңылбайбыз

## Ийгилик өзгөрүүдөн башталат

Көпчүлүгүбүз өзгөрүүнү каалап, бирок эмнеден баштоону билбей келебиз. Аракет кылабыз, бирок канча бир убакыттан кийин кайра эле мурунку абалга түшүп калабыз. Эмнеге толугу менен өзгөрүп кете албайбыз?...Себеби эмнеде?..

Кээ бирибиз өзгөрүүгө аракет жасап, бирок "өзгөрө албайм", "кыйын" деп ойлойбуз. Андай ойлобоңуз, анткени бардык ийгиликтүү адамдар ошол кыйын жолду басып өтүп, баарына чыдап олтуруп өзгөрүшкөн. Ийгиликке жетүүнүн бирден бир жолу - темирдей тартип менен өзүн-өзү өзгөртүү болуп саналат.

Ошол эле учурда сиз өзгөчө жана кайталангыс адам экениңизди унутпаңыз. Билесизби, сиз майда нерселерге маани бербейсиз. Айтыңызчы, сиз ушул жашка чейин эмнеге жетиштиңиз? Эмне үчүн көп нерсеге жетише албадыңыз? Биздин бир нерсеге жетишкенибиз да, жетише албаганыбыз да биздин адаттарыбыздын айынан болот.



Эмнеге биз өзүбүздү бирөөнүн жашоосунда жашагандай сезебиз? Өзүбүзгө чыныгы жаккан жумуш менен алектенбейбиз? Каалабасак да өзүбүздү мажбурлайбыз, оюбузду толук иш жүзүнө ашырбайбыз? Себебин издеп көрөлүчү. Ошол өзүбүз каалабаган оюбузду, жумуштарды аткарбоого көпчүлүгүбүз маани бербей келебиз.

Эгерде сиз каалабаган жумушта иштесеңиз, анда биринчи кезекте сиз жумуш убактысынын бүтүшүн күтөсүз. Жумушка айлаңыз жок барасыз. Жашоого болгон кызыгууңуз жоголот. Натыйжада маанайыңыздын жоктугу сизде көптөгөн жаман адаттарды пайда кылат.

Адат – деген бул өзүбүзгө байкалбаган, күнүмдүк жашоодо кайталана берген жана да биз аларды кылбай калсак, өзүбүздү ыңгайсыз сезген сапат же кыймыл-аракет. Ошондуктан биз ийгиликтүү адамдар күн сайын жыргап жасаган мыкты адаттарды өздөштүрүүгө мажбурбуз.

## ИЙГИЛИКТҮҮ АДАМДАРДЫН АДАТТАРЫ

-таң эрте турат;
-спорт менен машыгат;
-убактысын туура пайдаланат;
- ар дайым өзгөрүүгө даяр;
- максатын так билет;
- чыдамкай;
- сөзүнө турат;
- жумушун кызыгуу менен аткарат;
- жашоодон ырахат алат;
- ар күнү план менен иштейт;
- тобокелдик кылат;
- күндөлүк жазат;
- маселени токтоосуз чечет;
- жөнөкөй жана кечиримдүү болот;
- ийгилик сырлары менен бөлүшөт;
- ийгиликтүү инсандар менен мамиле түзөт;
- китеп окуйт;
- көп изденет;
- аракетчил, мээнеткеч болот;
- кетирген катасынан сабак алат.

## ИЙГИЛИКСИЗ АДАМДАРДЫН АДАТТАРЫ

- уктаганды жакшы көрүү;
- телевизор көп көрүү;
- "эртең кылам" деп айтуу;
- планы жок, ой келди иш кылуу;
- келечек максаты жөнүндө ойлобоо;
- кенебестик;
- "буюрса болот да.." принциби;
- өзүн жалган шылтоого көндүрүү;
- идеясын ишке ашыруудан коркуу;
- башка бирөөнү күнөөлөй берүү;
- сабырсыздык;
- бир ишти аягына чыгарбоо;
- баарын билемдик,
- кекчилдик;
- кенеш укканды жаман көрүү;
- текебердик, кишини кемсинтүү;
- маселени кийинкиге жылдыра берүү;
- убактысын пайдасыз коротуу;
- жалкоолонуу;
- убадасын аткарбоо;
- жумуштан качуу;
- көңүл ачканды жакшы көрүү;
- эл аралык саясат;
- шоу жаңылыктарга ашыкча берилүү;
- өзгөрүүдөн коркуу;
- укканга караганда көп сүйлөө;
- өнүгүүнү каалабоо;
- ар дайым наразы болуу;
- жамандык кылууну ойлонуу;
- китеп окууну жактырбоо.

## Ким даанышман?

Биздин адаттарыбыз ким экенибизди, кандай сыйга татыктуу экенибизди, кимдер менен мамиле кылышыбызды ж.б.у.с.билдирет.

Билесизби, билинбеген сапат жана адаттарыбыз бизди алдыга жылдырат же артта калтырып келет. Жашоо дайыма өнүгүү жолунда болгондуктан, сиз кандайдыр бир жаңы нерселерди өз убагында өздөштүрбөсөңүз жумушуңуздан же бизнесиңизден артта кала баштайсыз.

Биз ийгиликти ар тараптан издей беребиз, бирок өзүбүздөн издебейбиз. Ийгиликти жаратуучу - бул өзүбүз, ийгиликке барчу жолду тандоо өзүбүздөн. Биздин ушул жасаган ар бир кыймылыбыз биздин келечегибизди аныктайт. Эгер жаркын жашоону кааласаңыз, анда жакшы адаттарды күнүмдүк жашооңузга айландырыңыз. Башында бул адаттарга көнүү кыйындай көрүнөт. Бирок, ишенип коюңуз, убакыттын өтүшү менен сиздин ийгиликтүүболуу, финансылык көз карандылыкка жетүү каалооңуз сизге дем берип, акыры жеңип чыгасыз. Эң сонун адаттарга ээ болгон соң, сиздин жашоого болгон көз карашыңыз өзгөрүп, "мурун мен кантип ушундай караңгылыкта жашап жүргөн экенмин"дейсиз. Ал мыкты адаттарга ээ болуу менен эң ийгиликтүү адамдардын бири болосуз.

**Айбарчын Кулушева,**
**ОшМУнун окутуучусу,**
**"Ийгиликтин башаты ишенимде" китебинен алынды**



## Мугалим мөмөлүү дарак

**"Мугалимдер – өлкөнүн улуу күчү. Баарыбыз бул кесиптин профессионалдык жана коомдук кадыр-баркын көтөрүүгө көмөктөшүүгө милдеттүүбүз"**
***Чыңгыз Айтматов***
***
**"Бир бала, бир мугалим, бир китеп, бир калем дүйнөнү өзгөртө алат"**
***Малала Юсуфзай***
***
**"Өзү бала болгонун унутпаган адам гана чыныгы мугалим боло алат"**
***В.А. Сухомлинский***
***
**"Билим – бул күч. Маалымат боштондукка чыгарат. Билим ар бир коомдо, ар бир үй-бүлөдө өнүгүүнүн негизи"**
***Кофи Аннан***
***
**"Бардык улуу мугалимдерди бир бөлмөгө чогултуңуз, алар бардык нерсе боюнча макул болушат. Шакирттерин чогулткула, алар бири-бири менен ар нерсени талашат"**
***Брюс Ли***
***
**"Алты Алаштын эли (ар аймак) бириксе, эң кадырлуу орун мугалимдики"**
***Магжан Жумабаев***
***
**"Биздин жаштарыбыздын аң-сезимин тарбиялоодо, алардын жүрөгүн тарбиялоону унутпашыбыз керек"**
***Далай Лама***
***
**"Жакшы мугалим шам сыяктуу, ал башкалардын жолун жарык кылуу үчүн өзүн күйдүрөт"**
***
***Мустафа Кемал Ататүрк***
**"Жакшы мугалим түшүндүрөт. Мыкты мугалим көрсөтөт. Улуу мугалим шыктандырат"**
***Уильям Артур Уорд***
***
**"Өз мугалиминен ашып түшө албаган окуучу алсыз болот"**
***Леанордо Да Винчи***